***DOI:10.26104/NNTIK.2023.71.15.013***

***Ысакова М.А.***

# ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРДА ПСИХОЛОГИЯ САБАГЫНДА «МҮНӨЗ» ТЕМАСЫН ОКУТУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

***Ысакова М.А.***

# ОСОБЕННОСТИ ПРЕПОДАВАНИЯ ТЕМЫ «ХАРАКТЕР» НА ЗАНЯТИЯХ ПО ПСИХОЛОГИИ В ВЫСШИХ УЧЕБНЫХ ЗАВЕДЕНИЯХ

***M. Ysakova***

# FEATURES OF TEACHING THE TOPIC «CHARACTER» IN PSYCHOLOGY CLASSES IN HIGHER EDUCATIONAL INSTITUTIONS

*УДК: 37.015.31*

*Жогорку окуу жайларда болочок педагогдорго адамдын мүнөзүн, мүнөздүк өзгөчөлүктөрүн, касиеттерин, белгилерин үйрөтүүнүн мааниси чоң. Анткени мугалим такай жекече өзгөчөлүктөргө ээ болгон окуучулар менен окутуу жана тарбиялык иштерди алып барат жана окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн башкача айтканда мүнөздөрүн үйрөнгөн мугалим гана өзүнүн кесиптик ишмердигинде ийгиликтерди жарата алат. Ошондуктан мугалим адамдардын жекече өзгөчөлүктөрүн чагылдырган «Мүнөз» темасын окуп үйрөнүүсү зарыл болуп саналат. Макалада педагогикалык жогорку окуу жайларда болочок педагогдорго «Мүнөз» темасын үйрөтүүнүн мааниси жана орду ачыкталып, адамдагы мүнөздүк өзгөчөлүктөр чечмеленип берилет. Ошондой эле аны студенттерге окутуунун, практикада колдонуунун ыкмалары, методдору, технологиялардын ыкмалары жана жолдору каралат. Макалада мүнөзгө аныктама берилип, мектеп окуучуларынын мүнөздүк өзгөчөлүктөргө ээ болушунун физиологиялык негизи, мүнөздүк окшоштуктарды жана айырмачылыктарды түшүндүрүү аркылуу студенттерге теманын маани-мазмунун терен үйрөтүүгө болору жана аларды кесиптик жактан даярдоону ишке ашырылары ачыкталат.*

***Негизги сөздөр**: психология, термин, жекече өзгөчөлүктөр, мүнөз, мүнөздүк белги, пейил, инсандык сапат, кызыгуу, окутуу усулдары.*

*В высших учебных заведениях очень важно обучать будущих педагогов характеру, чертам характера, свойствам и признакам человека. Потому что учитель постоянно ведет учебно-воспитательную работу с учащимися, обладающими индивидуальными особенностями, и только учитель, изучающий индивидуальные особенности учащихся, то есть их характеры, может добиться успеха в своей профессиональной деятельности. Поэтому учителю необходимо изучить тему «характер», отражающую индивидуальные особенности людей. В статье раскрывается значение и место преподавания темы «характер» будущим педагогам в педагогических вузах, дается толкование особенностей характера человека. Также будут рассмотрены методы, приемы, технологии и способы их преподавания студентам, применения на практике. В статье дается определение характера, раскрывается физиологическая основа приобретения школьниками черт характера, разъяснение сходств и различий характера, углубленное изучение содержания предмета и осуществление их профессиональной подготовки.*

***Ключевые слова**: психология, термин, индивидуальные особенности, характер, черта характера, щедрость, качества личности, любопытство, методы обучения.*

*In higher educational institutions, it is very important to teach future teachers about the character, character traits, properties and characteristics of a person. Because the teacher constantly conducts educational work with students who have individual characteristics, and only a teacher who studies the individual characteristics of students, that is, their characters, can succeed in his professional activity. Therefore, the teacher needs to study the topic "character", reflecting the individual characteristics of people. The article reveals the meaning and place of teaching the topic "character" to future teachers in pedagogical universities, gives an interpretation of the characteristics of a person's character. Methods, techniques, technologies and ways of teaching them to students and applying them in practice will also be considered. The article defines the character, reveals the physiological basis for the acquisition of character traits by schoolchildren, explains the similarities and differences of character, in-depth study of the content of the subject and the implementation of their professional training.*

***Key words**: psychology, term, individual characteristics, character, character trait, generosity, personality traits, curiosity, teaching methods.*

**Киришүү.** Жогорку окуу жайларда жана колледждерде психология предметинде «Мүнөз» темасы болочок педагогдорго үйрөтүлөт жана аларды окутуу жогорку окуу жайларда жана колледжде айырмачылыктарга ээ.

Биз макалабызда жогорку окуу жайларда психология сабагында «Мүнөз» темасын окутуунун айрым ыкмаларына жана технологияларына токтолобуз.

Жогорку окуу жайларда психология сабагында «Мүнөз» темасын үйрөнүү студенттерде төмөнкүдөй психологиялык компетенцияларды калыптандырууга мүмкүндүк берет:

Адамдардагы жекече өзгөчөлүктөрдү таанып-билүү, адамдар менен мамилелешүүдө алардын жекече өзгөчөлүктөрүн, жеке өзүнө жана башка адамдарга, айлана-чөйрөсүнө, буюмдарына жасаган мамилесин эске алуу, командада иштей алуу, адамды башкаруу психологиясын билүү ж.б.

Психология сабагында алгач индивиддин жекече өзгөчөлүктөрүн түзгөн «Темперамент», «Мүнөз», «Жөндөмдүүлүк» темаларын, алардын өз ара байланыштарын үйрөнүү аркылуу ишке ашары белгиленет.

**Адамдагы мүнөздүк белги дегенде** адамдын өзүнө гана мүнөздүү болгон личносттук, нравалык (патриоттуулук, эмгекчилдик, чынчылдык, ак ниеттүүлүк) эрктик(чечкиндүүлүк, тырышчактык, өзүнөзү кармай билүүчүлүк. эр жүрөктүүлүк) касиеттеринен, эмгекке, башка адамдарга, өзүнө болгон мамилесинен ачык байкалуучу процесс, ал эми (психикалык жана дене түзүлүшү жагынан) кайталангыс өзгөчөлүктөрү жана инсандык сапаттары боюнча бөлөк адамдардан айрымаланышы түшүнүлөт.

Адамдын индивидуалдуулугун көрсөтүп туруучу сапаттар кайталангыс болуп, ал темпераменттен, мүнөздөн, жөндөмдүүлүктөн, таануу процесстеринин (кабыл алуу, эс, ойлоо, кыялдануу ж.б.), акыл деңгээлинин ж.б. өзгөчөлүктөрүнөн көрүнүп, ар бир эле адамга тиешелүү болот. Ошондой эле адамдын тубаса шыгына, тарбиясына жана турмуш шартына ылайык психологиялык жекече өзгөчөлүктөр (М: бир адамдын шайыр, тамашакөй, кыймылдуу ж.б. экинчиси түнт, токтоо, шашылбаган ж.б. болушу) пайда болот жана калыптанат. Башкача айтканда, жекече өзгөчөлүктөр (индивидуалдуулук) – адамды мүнөздөөчү негизги белгилер болуп, бир адамды экинчи адамдан айырмалай турган, адамдагы кайталангыс өзгөчөлүктөрдү көрсөтүүчү түшүнүк.

Мүнөз – мүнөз мууңдан-муунга, тукумдан-тукумга мураска өтпөйт, адамды курчап турган чөйрөнүн таасиринде өзгөрүп турат. Ал айлана-чөйрөнүн таасиринде калыптанат.

Мүнөздүн калыптанышында адамдын ден-соолугунун да орду бар. Мүнөздүк касиеттердин жаңыдан түптөлүшүндө, андан ары калыптанышында жүрөктүн, кан тамырдын, ашказандын, эндокриндик системанын иштеринин ролу чоң. Бул системалардын бузулушу мүнөзгө таасирин тийгизет. Айталы, холерикте чечкиндүүлүк, өз алдынчалык, уюштуруучулук сымал сапаттар оңой тарбияланат, ал эми өзүн-өзү кармоо, өзүн-өзү сындоо касиеттерин тарбиялоо кыйын, жай жүрөт. Сангвиникте болсо демилгелүүлүк, мамилеге ийкемдүлүк, кызыгуучулук өңдүү касиеттер жеңил пайда болот. Ошол эле убакта анда баштаган ишти аягына талбай жеткизүүлүк өзүн кармоо сыяктуу касиеттерди жаратуу өтө ыкшоо жүрөт.

Студенттер индивиддин жекече өзгөчөлүктөрүн үйрөнүүнү «Темперамент» темасын үйрөнгөндөн кийинки психикалык касиеттин экинчиси «Мүнөз» окутулат.

**Изилдөөнүн каражаттары жана методдору. Окутуунун методдору жана техологиялары** катары проблемалуу лекция, суроо-жооп, өз алдынча иштөө жана атайын мүнөздү изилдөөчү психологиялык тесттер, атайын психологиялык китептерден жана сайттагы атайын тесттер ж.б. колдонулду. Ошондой эле мини-дискуссия жана өзүн-өзүн таануу тесттери аркылуу билимдерди текшерүү, алган билимдерди практикалоо, бшыктоо ж.б. колдонулду.

Биз билим берүүдөгү компетенттүүлүк мамиленин талаптарына ылайык студенттердин өз алдынча иштөөсү үчүн үйгө тапшырмалар беребиз. Студенттерге мүнөз темасын үйрөнүүгө оңой болгон бөлүктөрдү тема боюнча студенттердин өз алдынча иштөөсүнө төмөнкү тапшырмалар өз алдынча иштөөгө берилет.

**Өз алдынча иштөө**. Индивиддин жекече өзгөчөлүктөрү (индивидуалдуулугу) жөнүндө терең түшүнүк берүү максатында окутуучу алдынкы сабактын аягында студенттерге өз алдынча иштөөгө тапшырмаларды берет:

1. «Үйдөн өзүнөрдү бөлөк адамдардан өзгөчөлөнтүп турган мүнөздүк сапаттарды жазып келгиле «деген тапшырма беребиз. 4-5 студент үйдөн жазып келгендерин окуйт. Окутуучу студенттердин өзү жөнүндө жазгандарын үч топко (стобликке) бөлүп жазып турат. Андан кийин окутуучу ар топко жазылган сапаттар кайсы өзгөчөлүктү – адепти же эркти мүнөздөөчү сапаттар экендигин айтып, алардын айырмачылыктарын ар бир теманы окуп үйрөнүүдө ажыратып берилерин айтат.
2. Мүнөздү аныктаган тесттердин топторун түзүү жана практикалык сабакта тайпага жүргүзүп, айрым студенттердин өздөрү баамдай албаган мүнөздүк сапаттарын аныктоону.
3. ВЕННдин диаграммасын пайдаланып, темперамент жана мүнөздүн окшоштук жана айрымачылыктарын билишет, мындан сырткары темага байланыштуу кроссвордордду даярдап, презентация даярдап келишет.
4. Мүнөз менен тулку бойдун байланышы жана ал туурасындагы окмуштуулардын ойлорун жазып келүү.

Мүнөз ар бир адамдын жекече өзгөчөлүгүн көрсөтүп турарын студенттерге түшүндүрүү үчүн, анын жаралыш табиятын жана психологиялык мазмунун ачып көрсөтүү керек. Ошон үчүн студенттер теманы түшүнүүдө мүнөз жана анын белгилерин термин катары жаралышынын тарыхы жана аталыштардын маани-мазмунун билүүсү зарыл.

**Окутуучу студенттерге суроолор берет:**

Мүнөз дегенди кандай түшүнөсүңөр?

Мунөз тубаса берилеби же төрөлгөндөн кийин калыптанабы? ж.б.у.с.

Студенттерге өз алдынча иштөө катары берилген тапшырмалар практикалык сабакта текшерилип, талкууланат, жыйынтыктар чыгарылып, тема боюнча билимдери бекемделет. Мындай студенттерге өз алдынча иштөөгө берилген тапшырмалар, адабияттар менен иштөөгө үйрөтүү жана аларда практикалык көндүмдөрдү калыптандыруу максатын көздөйт.

Окутуучу үй тапшырмалары практикалык са-

бакта талкууга алынары эскертилип, лекция улантылат.

Сабак планга ылайык өтүлөт.

**Сабактын мазмуну**

**Тема: Мүнөз**

**Лекциянын планы:**

1. Мүнөз жөнүндө жалпы түшүнүк.
2. Мүнөздүн түзүлүшү.
3. Тулку бой жана мүнөз.

**Билим берүүчүлүк:** Мүнөз жана инсандагы мүнөздүк «белги», анын адамдын жашоосундагы орду, мааниси, маани-маңызы туурасында түшүнүктөргө ээ болот.

**Өнүктүрүүчүлүк:** Студенттердин мүнөздүк жана инсандык сапаттарын калыптандыруу жана өнүктүрүү. Мүнөз темасын түшүндүрүүнүн негизинде алардын ар кандай адамдардагы мүнөздүк өзгөчөлүктөр жөнүндө көз караштарын, инсандар аралык өз ара мамилелешүүжана карым-катыш жасоодогу чеберчиликтерин өстүрүү.

**Тарбия берүүчүлүк:** Мүнөз темасын окутуу жана түшүндүрүү аркылуу туура жүрүм-турум маданиятына тарбиялоо.

**Колдонулган адабияттар:**

1. К. Минбаев. А. Закиров. Психология. – Ош, 2010. 222-227-229 беттер.
2. Р.С. Немов. Психология. / Книга I. - М., 1998.

Алгач төмөнкү эреже экрандан көрсөтүлөт. Анан эреженин мааниси чечмеленип түшүндүрүлөт.

Мүнөз башка психикалык процесстерге караганда бир жактуу чектелген психикалык сфераны тейлебегендиги менен айырмаланат жана башка психикалык процесстер менен байланышта болгон көрүнүш катары каралат.

Аныктама көрүнгөндөй, мүнөз личносттун нравалык (патриоттуулук, эмгекчилдик, чынчылдык, ак ниеттүүлүк) эрктик (чечкиндүүлүк, тырышчактык, өзүн-өзү кармай билүүчүлүк. эр жүрөктүүлүк) касиеттеринен, эмгекке, башка адамдарга, өзүнө болгон мамилесинен ачык байкалат [3, 112-б.].

Мүнөздү түшүндүрүүдө анын башка психикалык процесстерден болгон айырмачылыктарына токтолуу зарыл. Алар:

1. Мүнөз муундан-муунга, тукумдан-тукумга мураска өтпөйт, адамды курчап турган чөйрөнүн таасиринде өзгөрүп турат. Ал айлана-чөйрөнүн таасиринде калыптанат.

2. Мүнөздүн калыптанышында адамдын ден соолугунун да орду бар. Мүнөздүк касиеттердин жаңыдан түптөлүшүндө, андан ары калыптанышында жүрөктүн, кан тамырдын, ашказандын, эндокриндик системанын иштеринин ролу чоң. Бул системалардын бузулушу мүнөзгө таасирин тийгизет. Алсак, холерикте чечкиндүүлүк, өз алдынчалык, уюштурууучулук сымал сапаттар оңой тарбияланат, ал эми өзүн-өзү кармоо, өзүн-өзү сындоо касиеттерин тарбиялоо кыйын, жай жүрөт. Ошондой эле сангвиникте болсо демилгелүүлүк, мамилеге ийкемдүлүк, кызыгуучулук өңдүү касиеттер жеңил пайда болсо, ошол эле убакта анда баштаган ишти аягына талбай жеткизүүлүк өзүн кармоо сыяктуу касиеттерди жаратуу өтө ыкшоо жүрөт б.а. жай жүрөт.

3. Мүнөздүк касиеттер, жүрүш-туруштардын формалары, өнөкөттөрү темпераментке таасирин тийгизип, айрым тескери сапаттарды жок кылууга түрткү берет. Мисалы, холерик темпераментке ээ болгон баланы кичинесинен баштап жакшы, маданияттуу үй-бүлөдө тарбиялоо менен холериктик айрым терс касиеттерин өзгөртүүгө мүмкүн. Мүнөздүн табиятын терең түшүнүү анын личность, темперамент сыяктуу категориялар менен болгон карым-катышын билүүгө байланыштуу.

Мүнөз көп түрдүү касиеттердин тобунан түзүлгөндүктөн, ар түрдүү топтордогу касиеттер өз ара механикалык байланышта болбостон, бүтүн органикалык системада турат. И.П. Павлов айткандай «Эгерде сиз адамдан айрым белгилерин гана өзгөчө орунга койсоңуз, анын мүнөзүн аныктай албайсыз, ал үчүн белгилердин кайсынысы жетектөөчү экендигин, биринчи планга коюуларын, ал эми кайсынысы анча байкалбагандыгын, көмүскөдө калгандыгын аныктоо керек». Мүнөздү түзүүчү касиеттер окшоштугуна карабай эки чоң топко бөлүнөт.

1. Личносттун багытталышын мүнөздөөчү касиеттер.
2. Эрктик интеллектуалдык, нравалык касиеттер

Мүнөздүн интеллектуалдык белгилерине теориялык жана практикалык акыл, илимий байкагычтык, чөйрөдөгү өзгөрүүлөрдү андай турган ийкемдүү акыл, жаратылышты үйрөнүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуучу касиеттер кирет. Мүнөздүн эмоционалдык белгилерине кубулуш чындыктпарына болгон мамилени ойчулдугун, супсактыгын, берилгендигин, кызыгуусун, объектини сүйүү же сүйбөө, сезимдерин үстөмдүк кылуучу көңүлдү кошууга болот [2, 278-б.].

Мүнөздүн эрктик белгилерин чечкиндүүлүк, эрк жүрөктүүлүк, демилгелүүлүк, чечкиндүү эместик, коркоктук, жупунулук сыяктуу касиеттер түзүлөт. Ал эми личносттун багытталышын мүнөздөөчү касиеттерге дүйнөгө көз караш, идеал, ынтаа, кунт, кызыгуу, каалоо жана берилүү кирет.

«Мүнөз» темасында студенттер адамдын таасир эткен айлана-чөйрөдөгү таасирлерге жооп берүүдөгү өзгөчөлүктөрүнүн келип чыгуусунан жаралган жаңы мүнөздүк касиеттердин пайда болуусун үйрөнүшөт.

Студенттерге мүнөз жөнүндө терен түшүнүктөрдү берүү үчүн жогоруда аталган мүнөздүк сапаттар эмне себептен өзгөрөт деген суроого жооп бере кетүүбүз керек. Ошодой эле мүнөздүн жаралышы жана табиятын түшүндүрүүдө илимге биздин доорго

чейинки IV-III кылымдарда грек философу Теофрасттан тартып, У. Шелдон, Э. Кречмер, Э. Фромм, К. Леонгард, А.Е. Личколордун мүнөздүн типтери жөнүндөгү окууларына гана токтолобуз.

Психология илимий китептерде мүнөздүк гармониялык жана дисгармониялык мүнөз деп эки типке бөлүнүп жүрөт. Айрымдары коомдо жашаган белгилүү группаларга жагымсыз көрүнүп терс кабыл алынат. Ал адам ар дайым ошол чектелген касиети менен коомдон өзгөчөлөнүп, өзүн курчаган адамдардан бөлүнүп турат. Мындай өзгөчө касиеттер илимде акцентуралык касиеттер деп аталат [4, 425-б.].

**Акцентуация** – латын сөзү кыргызча «басым». Адамдын мүнөзү анын төрөлүшүнүн биринчи күнүнөн калыптангандыктан, жашоонун бардык мезгилинде тигил же бул деңгээлде туруктуулук байкалат. Личностту мүнөздөөчү белгилердин айрымдары мүнөздүн негизги касиеттерине айланып, адамдын бирибиринен айырмалай турган касиеттердин топторун түзөт. Ошондуктан айрым окумуштуулар (У. Шелдон, Э. Кречмер, Э. Фромм, К. Леонгард, А.Е. Личко) мүнөздүн типтерин табууга аракеттенишкен. Кречмер адамдын денесинин түзүлүшүнө карап мүнөздүн үч астеник, атлетик, пикник түрлөрүн келтирет. Бул Кречмердин идеасын А.Е. Личко өнүктүрүп өспүрүмдөрдөгү байкоо жүргүзүү менен мүнөздү 11 (гипертимдик, циклоиддик, лабирдик, астеноневртикалык, сензитивдик, психотеникалык, шизоиддик, эплептоиддик, туруксуздук, конфромдук) тибин сунуш эткен.

Анын ойлорунун негизинде немец окумуштуусу К.Леонгард мүнөздүн эки түрүн (гипертимдик, дистимдик, циклоиддик, козголуучулук, застревающий, педанттык, тынчсыздык, тревождуулук, эмотивдүү, демонстративдүү, экзальтивдик, экстравертүүлүк, интраверттүүлүк) көрсөтөт. Ал эми дарыгер-психиатр фредист Э. Фром адамдын социалдык жүрүш-турушунан байкоо жүргүзүп, мүнөздүн 3 тибин (мазохит, садист, разрушитель конформист автомат) белгилейт [4, 422-б.].

**Жыйынтыктар жана талкуулар.** Адамдар өтө көптөгөн касиеттерге, сапаттарга ээ болгондуктан алардын баарысын айлана-чөйрөдөн гана калыптанат деп жыйынтык чыгаруу мүмкүн эмес. Мүнөз жалаң гана айлана-чөйрөнүн таасиринен калыптанат деп бир жактуу бүтүм чыгаруу илимий негизден алыстагандык. Мүнөз эч качан баш мээсиз, дене түзүлүшсүз физиологиялык обочолонгон боштукта пайда болот. Мээ башка бардык психикалык процесстердин негизги элементи болгондой эле, мүнөздүн калыптанышында да базалык элементи болуп кала берет. Мүнөздүн калыптануусунда үй-бүлөнүн, айлана-чөйрөнүн жана окутуп-тарбиялоочу б.а. социалдаштыруучу мекемелердин, инсандын ден-соолугунун абалы, климаты, менталитет, этникалык өзгөчөлүктөрдүн, жаш курактын да орду өзгөчө маанилүү.

**Үй тапшырма. Өз алдынча иштөө.** Кийинки сабакта бүгүнкү өтүлгөн теманы бекемдөө жана жаңыдан үйрөнүлүүчү «Жөндөмдүүлүк» темасына байланыштуу үйгө тапшырма:

1. Студенттердин бири-биринин же өзүнүн жакындарынын мүнөздөрүн аныктап келүүсү.
2. Студенттерге темага байланыштуу тесттер жазылган барактар колдоруна таркатылат жана ал тесттик суроолорду белгилөө аркылуу алган билимдерин бышыктоого болот.
3. Адамдарга мамиле жасоодо мүнөздүн кандай орду маанилү экендигин үйдөн даярданып, алган билимди бекемдөө тапшырмасы берилет.
4. Мүнөз жана анын өзгөчөлүгүн окуп үйрөнүүнүн жашоодо зарылдыгы барбы?
5. Жөндөмдүүлүк жөнүндө окуп келүү.
6. Жөндөмдүүлүктүн түрлөрү (тубаса жана атайын, шык, талант, жөндөмдүүлүк) жазып келүү.

**Адабияттар:**

1. Мурзаев М.С. Психологиялык түшүнүктөрдүн жана терминдердин сөздүгү. Түзг.: Мурзаев М.С. - Б., 2016. - 176 б.
2. Мурзаев М.С. Психологиялык түшүнүктөрдүн жана терминдердин сөздүгү. – Б.: «Улуу тоолор», 2022. - 278 б.
3. Миңбаев Козубек., Закиров Акимжан. Психология окуу китеби. – Ош, 2010.
4. Общая психология: Учеб. для студентов пед. инс-тов / Под ред. А.В. Петровского. 2-е изд., доп. и перераб. - М., 1976. 479 с.
5. Ысакова М.А. Социальная значимость и место педагогической профессии в обществе. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. №.5. С. 205-208.